# Куран окуусунда принцип, метод жана ыкмалар

Yard. Doç. Dr. Ali Yılmaz
Atatürk Üniversitesi İlahiyat Fakültesi / Türkiye

## Kur'an Öğretiminde İlke, Yöntem ve Teknikler

### Özet

Kur'an, tilavetiyle (okunmasıyla) ibadet edilen ilahi bir kitaptır. Bu yüzden onun tilavetinin, peygamberimize indirildiği gibi doğru ve sahih olarak yerine getirilmesi gerekir. Bu da, disiplinli ve planlı bir şekilde yürütülen öğretimle gerçekleşir. Onun öğretimi yaptırılırken, eğitim alanında uygulanan ilke, yöntem ve tekniklerden yararlanmak son derece önemlidir. Bu makalede, Kur'an öğretiminde mutlaka uygulanması gereken bu temel esaslara yer verilerek, bunlardan nasıl istifade edileceği, böylece bunlarla başarılı bir öğretime, kısa bir zamanda ve pratik olarak nasıl ulaşılacağı incelenecektir.

**Anahtar kelimeler:** Kur'an, Tilavet, İlke, Metod, Teknik

Курандын башка самавий (Кудайга тиешелүү маанисинде) китептер менен салыштырууга болбой турган жана окшошу жок жагы да анын окулуш (кыраат) жана тилаават өзгөчөлүктөрүнүн вахийге (Кудайдан келген вахий) таянгандыгы болуп саналат. Куранга тийиштүү бул өзгөчөлүктү, Аллах вахий периштеси Жабраилге үйрөткөн, ал да пайгамбарга (с.а.в.) окутуп, пайгамбарыбыз да үйрөнгөн калыбында үммөтүнө үйрөтүп, асхабы кирам (сахабалар)дан баштаган бул адат урпактан урпакка өтүп келген.[1]

Алгач түшүрүлгөн сүрөлөрдүн ичинде, аны тертил менен (даана-даана, так-так) окулушу буйрулган.[2] Ушунун өзү эле туура жана так окуунун канчалык мааниге ээ экендигин көрсөтүп турат. Бул туура жана так окууну камсыз кылуу үчүн биринчи кезекте Куран окуусунун метод менен жана дисциплиналуу түрдө жүргүзүү керек. Себеби Аз. Пайгамбар да ушул темада көп токтолуп, вахийдин алгачкы жылдарынан баштап эле окутууну өзү жүргүзө баштаган. Биринчи Эркамдын үйүндө Куран үйрөтө баштаган, хижреттен (пайгамбарыбыздын Меккеден Медина шаарына көчүүсү 622-ж.) эки жыл мурун Акабе антташуусунан (620-ж.) кийин эле Мусаб ибн Умейрди Мадинага, Эвс жана Хазреж урууларындагы мусулмандарга Куран үйрөтүү үчүн жөнөткөн. Хижреттен кийин мечиттин жанында курулган «Дарул-Курра» окуу борборунда[3] Куран окутуусуна өтө чоң маани берилген.[4]

---

[1] Karaçam İsmail Kur'an Öğretim Metodunun Ana Çizgileri, Din Öğretimi ve Din Hizmetleri Semineri, (8-10 Nisan, 1998), A.Ü.İ.F.T.D.V. Ank. 1991, 117

[2] İsra, 106, Furkan, 32, Müzzemmil, 4

[3] Караңыз. Baktır, Mustafa, Suffe Ashabı, İst. 1984, 40-43

[4] Karaçam, a.g.m. 117

Вахийге таянуусу менен[5] Куран окуусу өтө орчундуу, өзгөчө мааниге ээ болгондуктан,[6] бул бир гана белгилүү принцип, метод жана ыкмалар менен ишке ашырылат. Баш аламан берилген таалим- тарбия окуусу; көздөгөн максатка жетпегендей эле туура эмес багытта да болушу мүмкүн. Андай болгон сөз, Куран үйрөнүү жана окутуусун жүргүзүүдө алгач стратегия белгиленип, принцип менен методдор такталышы абзел. Булар Куран окуусундагы өтө маанилүү жактар.

Үйрөнүү өз алдынча да жүрсө, окутуу пландуу жана максаттуу процесс. Окутууну, максатсыз үйрөнүүдөн айырмалаган, белгилүү максатка жетүү үчүн окууну белгилүү системада ишке ашыруу болгон.[7] Мындай учурдагы окутууда окуунун кандай болгонун билүү аздык кылат. Окуу теориясы менен бирге эле окутуу теориясына да зарылдык пайда болот. Жалпысынан окутуу теориясы, бир организмде үйрөнүүдө таасир берген жолдордон турат. Үйрөнүү иши менен байланыштуу маалыматтар, окутуучу тарабынан ишке ашырылууда. Бул маалыматтардын окуугa коюу иши болсо, окутуу теориясынын темасын түзөт. Окутуу процесси, окутуу иши жана бул иштин натыйжасында пайда болгон окууну өз ичине камтыйт. Ошондуктан, окуу процессинин жүрүшү окутуу ишмердүүлүгү менен бирге, окуу натыйжасынын да көрсөтүүсү менен тыгыз байланышта.[8]

Окуу, окутуу жана тарбия; бирин-бири толуктаган огу бар айланага окшойт. Айлананын ичинде окуу, кийин окутуу андан кийин тарбия орун алган. Педагогика психологиясында түрдүү «үйрөнүү» аныктамалары болсо да, төмөнкү аныктаманы мисал катары берсек болот: «Окутуу, жеке адамдын жетилүү абалына жараша тышкы чөйрө менен таасирлешүүнүн негизинде жаңы жүрүш-турушка ээ болуусу же болбосо эски жүрүш-турушун өзгөртүү жараяны»[9] деп аталат.

Психологдордун аныктоолору боюнча окуунун төрт принциби бар: 1. кызыктыруу же болбосо даяр болуу принциби, 2. сыноо-жаңылуу принциби, 3. таасир же күчөтүү принциби, 4. көнүгүү принциби.[10] Бул принциптердин ар бири, окутуу жараянында өтө таасирдүү жана динамикалык касиетке ээ болуусу менен Куран окуусунда сөзсүз ишке ашырылышы керек болгон шарт катары коюлган. Бул принциптер, тепкич тепкич катары үйрөнүү жараянында орун алганда бул нерсеге өзгөчө көңүл буруу зарыл; үйрөнө турган адам өзүн маалымат алууга даярдап, бүт көңүлүн бул маалыматка каратып, өзүн даяр абалга келтирүүсү керек. Булар окуунун эң негизги жана биринчи шарты. Мында маалыматка ээ болуу үчүн жеке аракет жана кызыгуу чоң мааниге ээ. Алардын болуусу сөзсүз түрдө зарыл, антпесе үйрөнүүнүн же окутууга өтүүнүн маңызы калбайт. Окууда эки принцип катары эсептелген сыноо-жаңылуу принциби, маалыматты алууда эң эрктүү

---

[5] Necm, 4-5-6

[6] Куранды, Аз. Пайгамбар Жабраил (а.с.) өзү үйрөткөн. Yazır, Elmalılı Hamdi, Hak Dini Kur'an Dili, İst. 1935, VII, 4572

[7] Aydın, M. Zeki, Dini Öğretimde Yöntemler, İst. 2004, 8.

[8] А.а.ч. 8-9

[9] Binbaşıoğlu, Cavit, Genel Öğretim Bilgisi, Ank. 1994, 1-2.

[10] А.а.ч. 5

кадам шилтеле турган башталгыч кадам болуп саналат. Аткаруу жана кайталап үйрөнүү сыноо-жаңылуу жолу менен ишке ашат. Бул жараяндагы ар бир сыноо-жаңылуу, чындыгында жаңы маалыматка ээ болуу эсептелет. Туура эмес маалымат, натыйжада туура болгонго багыт бергендиги үчүн башкаларынан айырмаланып көптөгөн туура жана пайдалуу маалыматка ээ болуу. Туура маалыматка ээ болгондон кийин анын сакталып, көзөмөлгө алынуусу керек, бул иш да Көнүгүү (чындоо) принциби менен болот. Алынган бул маалымат менен окуу жараянында, үйрөнүлгөн нерселердин эстен чыгуусу, унутулуусу же жок болуусу турган кеп. Аларды сактоо үчүн да сөзсүз Көнүгүүлор аткарылып, көнүгүүлөр менен маалымат дайыма сакталып, жандуу бойдон калуу принцибине да Көнүгүү дейбиз.

Көнүгүү принциби, тагыраак кылып айтканда практикалык иш жүргүзүү системасы же башкача айтканда, үйрөнүлгөн билим жана жөндөмдүүлүктөрдүн күнүмдүк жашоодо колдонулуусу жана ошондойчо практикага ашыруу жараяны болуп саналат. Куран окуусунда бул принциптер төмөндөгүчө аткарылса болот: окуучу Куран керектүүлүгүнө чын көңүлдөн ишенип, аны үйрөнүүгө так токтолуу, шарттарды даярдоо, терс таасирлерден сактануу үчүн аларды жок кылуу, кээ кээде өзү-өзүн ишендирип рухун көтөрүү зарыл. Адамдын, ишенбестен же болбосо биргелешпей туруп кылган иши ийгиликтүү болбойт. Бул маанилүү жерге басым кылып пайгамбарыбыз (с.а.в) бир хадисинде мындай дептир: «Жүрөгүбүз бирлешкен маалда Куран окуңуз»[11] Мындагы маани адамдын өзүн-өзү даярдоосу, окуган нерсесинен түшүнүүсү дегенди туюнтат. Болбосо, ал адам окуганга же окуганынан пайдалана албайт, мындай окуунун да эч кереги жок.[12] Сыноо- жоктугу принцибинин Куран окуусундагы байланышы Куранды окуганда майданга чыгат. Үйрөтүүдөгү туура окуу, ката окугандарды аныктоо жана оңдоо менен гана болот. Бул чындыкка да пайгамбарыбыз мындай деп токтолгон: «Куран окуганга уста болгон (Куранды эң сонун окуган), бой сунган периштелер менен бирге. Куран үйрөнүп жатканда кыйналып окуган адамга эки сооп бар.»[13] Бул хадисте Аз. Пайгамбардын айрыкча кекечтенип (кыйналып) окуганга басым жасаганын көрсөк болот. Мында, окуучунун өзүн сыноосу, бул убакта да өзүн кыйноосу жана жаңылуусу, жаңылыш отуруп туура билимди алуусу болуп саналат. Аз. Пайгамбар да мына ушуга басым кылган жана айрыкча ага эки эсе сооп бар деген. Чындоо принцибинде Куран окуусунун таза жана туура окуу менен ыракат тартуулоочу өзгөчө рух абалы пайда болот.

Ийгиликке жеткирүүчү бул чындоо канчалык көп болсо, ошончолук чын, туура болгондор орун алып, каталар өзүнөн-өзү жок болот. Бир жагынан бул физикалык баскычтан сезимтал баскычка чыгуусу болуп саналат. Себеби мында адамдын жүрөгүнүн жай алуусу чоң мааниге ээ.

---

[11] Buhari, Sahih, Mısır, t.z. Fedailu'l-Kur'an, 37, Müslim, Sahih, Mısır, t.z. İlim, 3-4, Darimi, Sünen, Mısır, 1340, Fedailu'l-Kur'an, 7.

[12] Курандын көптөгөн аятында, аны окуп жатканда ой-пикирди биринчи орунга коюп, түшүнүп окуш керек экенине басым кылынган, Караныз Enfal, 2, Muhammed, 24, Kamer, 17, 22, 32, 40.

[13] Buhari, Tevhit, 52, Müslim, Müsafirin, 244, İbn Mace, Sünen, Mısır, t.z. Edeb, 52.

Эски өнөкөттөр кайта чыкпашы үчүн көп көнүгүүлөр менен жаңы билимге күч берилүүсү зарыл. Куран окуусунда тынымсыз көнүгүү керек. Себеби оозду үйрөтүү тынымсыз көнүгүүлөр менен пайда болуп, сакталат. Адамдын окуганы күнүмдүк жашоого чагылбаса жана иш жүзүнө ашырылбаса жандуулукту (функцияны) жоготуу коркунучу туулат. Бул болсо кайра артка кайтуу дегенге жатат. Куран окуусунда, бүт аракеттин жана күчүнүн жөн эле жол болушу, үмүттөрдүн үзүлгөн жери мына ушул кайрадан аны ошондой даража келтирүү, Куран окуусунда эч мүмкүн эмес. Айрыкча бул Куран жаттоодо (карылыкта) чоң мааниге ээ. Бүгүн анын көптөгөн мисалдарын көрсөк болот. Жогоруда айтылган принциптердин негизинде ушуну айтсак болот: белгилүү деңгээлге келген Куран окуусунда кайра өз эски даражасына жетүүсү үчүн өтө чоң күч, кайрат керек. Себеби Куран окуусундагы жараян, башка окууга караганда өтө узун убакытты ичине камтыйт.

Ошондой эле: окутууда да ыкмадун пайда болуусунда жана аткарылуусунда белгилүү принциптер бар. Алар көп жагынан бири-бири менен байланышта. Окутууда көңүл бурула турган принциптер да төмөнкүлөр:

1. Максатка ылайыктуулук принциби: Окутуудагы эң негизги принцип окутуу ишинин белгиленген максатка ылайык болуусу. Ар бир максат, адамдын бирине таянат. Окутууда таасирдүү тажрыйбаларды үйрөтүү үчүн, биринчи ар бир окуу темасы үчүн максатты коюу жана окуучунун эмнени кыла тургандыгын так билүүсүнөн келип чыгат. Айрыкча, максатка ылайыктуулук принциби, окуучунун окуу натыйжаларынан да кабардар болуусуна шарт түзөт.[14] Мугалим, өзүн ийгиликке жетүү үчүн өзү коюлган жеке максатына жетүүгө даярдануусу зарыл. Куран окуусунда аны төмөнкү суроолор менен майдаласак болот: Куран окуутусундагы максат эмне? Эмне үчүн окутуу зарыл? Окутуунун жүргүзүлө турган жайы кайсы? (кайсы жаатка окутасыз?) Куран үйрөтүүнүн жана үйрөтүүнүн өзгөчөлүгү эмнеде? Куран окуусу жана окутуусунда эмнени түшүнүүбүз керек? Ушул сыяктуу суроолор менен окутуудагы максаттарга көңүл бөлүнүп, суроолорго так, толук жооптор менен окууга пайдубал тизесин.

2. Окуучуга ылайыктуулук принциби: Максат ылайыктуулук принциби менен да айкалышкан, бул принцип, окутуу ишинин, окуучунун жетилүү даражасына жараша иш жүргүзүү дегендикке жатат. Окуучунун ар баскычтагы рухий жана дене жактан жетилүүсү бирдей эмес. Ошондуктан, окуу жараянында колдонулган окутуу методу окуучунун жетилүү деңгээлине жараша болуусу зарыл. Эгер бул ылайыкталуучу болбосо, окутуунун окуучуда таасирдүү болушун күтүү туура эмес.[15] Куран окутуусунда, бул принцип башкаларга караганда да маанилүү. Себеби, Куран окуусунда көздөгөн максатка ушул принцип менен өтө тез жетишсе болот. Бирок, мында бул принципти «жалпы окуучуга» ылайык эмес, «бир

[14] Aydın, Zeki, А.а.ч. 9-10
[15] А.а.ч. 11

гана окуучуга ылайык» деп өзгөртүп алсак болот. Баарыбызга белгилүү, Куран окуусу жалгыз же бир-бирден үйрөтүү түрү болуп саналат. Бир окутуу жараянында ар түрдүү өзгөчөлүккө ээ окуучулардын бир жерге топтолуусу мүмкүн (табигый нерсе). Мындай түрдүү өзгөчөлүктөрдү сабакта же окутууда көңүл буруу анчалык деле мааниге ээ эмес. Бирок, аны Куран окуусу үчүн айтсак болбойт. Мисалга алсак, ар убакта, Куран окуусун үйрөтө турган окуулар арасында даярдыгы бар, бир аз маалыматка ээ окуучу менен окуганды эч билбеген адамдын бир жерде болуусу мүмкүн. Бул дээрлик бүт тарбия-окутууда эң көп кездешкен окуя болуп саналат. Мындай эки учтуу (бири билген, бири билбеген) окуучу даражасына башка сабакта анчалык көп учурабайсың. Ошондуктан, окутуучу, алгач окуучунун даражасын өтө кылдаттык менен көзөмөлдөп, бирдей деңгээлдеги менен башка деңгээлдегилер билинип, бүт көзөмөлдөгөн түрдүү категорияга жараша программасын жүргүзүү. Бул жараянда окуучунун жөндөмүн да эске алуу зарыл. Жакшы деңгээлде болгон окуучулар үчүн программанын алдыңкы тепкичтери, орто же төмөн даражадагыларга болсо абалына жараша программа түзүү абзел. Окутуунун эң негизги принциби болуп эсептелген «индивидуалдык» принцибин унутпоо максатка ылайык. Булардын баарын жасаарда аткара турган методдун ошого жараша кылып, классты көзөмөлгө да тута билүүсү маанилүү жагдай.

3. Активдүүлүк принциби: Бул принципке жараша (таасир кылган) ишти аткарган окуучунун өзү сабактын мугалими, окуучунун ишмердүүлүгү багыттаган жана көзөмөлдөгөн жетекчи болуп саналат. Активдүү окутуу, окуучунун мектепте үйрөнгөнүн андан сырткары чөйрөдө да колдоно билүү деген негизге таянат. Бул принцип Куран окутуусунун эң зарыл шарты болуп саналат. Себеби окуучу мугалими менен бетме-бет көрүшүшү керек. Сабакты агайына тапшырып жатканда (сунуу методу) класстагы курдаштарынын баары аны угушат, агайдын ага берген эскертүүлөрү өздөрүнө берилгендей кабыл алып, ошол катаны кылбоо үчүн мугалимдин эскертүүсү дайыма эсинде турат. Ушул жагы менен тарбиядагы активдүүлүк принциби башкаларына караганда бир аз да болсо таасирдүү. Кийин окуучу сабакта туура жана толук үйрөнгөндөрүн, сабактан сырткары ыңгайлуу шартта аткарып, аны социалдык жакка да алып өткөн болот. Куран үйрөнүүсүндө жана окутуусунда ээ болгон өзгөчөлүктөрдүн, жалпы же жеке чөйрөсү болуп саналган жерлерде аткаруусу менен окуучу, активдүүлүк принциби бир аз ишке ашат.

4. Конкреттүүлүк жана абстрактуулук принциби: изилдөөлөр көрсөткөндөй конкреттүү жана абстрактуу окутуу теманы өтө таасирдүү үйрөнүлгөнүн, көпкө чейин эсте калаарын тастыктайт. Бул аныктоонун негизинде, окуучунун билим деңгээли кандай болсо да, окутуунун ийгиликтүү болушу үчүн конкреттүү түшүнүк жана маанилер, керек болсо өтө жөнөкөйлөтүп темаларды тактоо зарыл.[16] Куран окуусунда ыкма түшүнүктөр өтө чон мааниге ээ. Мында кыраат (окуу методу) термини

[16] А.а.ч. 3

биринчи орунда турат. Окутууда бул терминдер көп кайталангандыгы үчүн биринчиден алардын аныктамаларын жана айтылыштарын сөзсүз жөнөкөйлөштүрүү керек. Бул учурда мугалимдин билим деңгээли өтө маанилүү жана таасирдүү. Куран окуусунда айрыкча тамгалар, устаз, чебер мугалимдин өз оозунан окулушу менен алынгандыктан сабактын мугалими, бул түшүнүктөрдү, аныктамаларды конкреттүү кылып түшүндүрүүсү чоң мааниге ээ. Мугалимдин, аныктамаларды түшүндүргөндөн кийин бирден ар бир окуучуга окулушун үйрөтүү абстрактуу болгон түшүнүктөрдү конкреттүү түшүндүрүү болуп саналат.

5. Үнөмдүүлүк принциби: Бул принциптен көрүнө турган максат окутууда убакыт менен чыгымды үнөмдөө болуп саналат.[17] Анын да эн негизинен убакытты туура пайдаланууну көздөө керек. Мугалим, Куран сабагын кайсы убакта бере турганы, кайсы саатта Куран окутуу ыңгайлуу, жылдык планда күн, жума, ай жана жыл ичиндеги жайылуусунда да жетекчи болууга тийиш. Айрыкча, мугалимдин, программаны толтурууда убакытты үнөмдүү жана туура пайдалануу да ушул принциптин негизинде болуп саналат.

6. Жакындан алыска принциби: адам үчүн жакын чөйрөсү маанилүү жана эң жакшы билген чөйрө болуп саналат. Ошондуктан, окутууда алгач жакындагы окуялар жана нерселер менен баштоо керек.[18] Бул принципке ылайык, колдо болгон бүт мүмкүнчүлүктөрдү колдоно билүү да маанилүү. Куран окуткан адам колдо бар ар түрдүү мүмкүнчүлүк жана шансын өз ордунда баалай билет. Жетише ала турган бүт маалыматты алып, аларды баалай жана айланасын кеңейтет. Бул кээде (апа, ата, коншу сыяктуу) бир адам, кээде да (магнитофон, кассета, видео, компьютер сыяктуу) каражат, материал болушу мүмкүн. Булар окутуу жараянынын эң таасирдүү каражаттары болгондуктан алдыга дагы бир кадам таштоодо маанилүү болуп саналат. Бул Куран окуусун сырттан чындоого жардамчы болот. Мындай жолдогу окутуу жакындан узакка карай кеңейген жана өнүккөн жараянды ичине камтыйт.

7. Билингенден билинбегенге принциби: окуучунун тема менен байланыштуу билген нерселеринен тартып билбегендерине карай өнүгүшү, мурунку билгени менен кийинки үйрөнгөндөрүнүн ортосунда байланыш түзүү.[19] Куран окутууда бул эң жөнөкөй түшүндүрүү жолу. Мисалы, окуучуга имале (забар аракетин зерге жана алиф тамгасын я тамгасына айлантып окуу), идгам (окшош эки тамганы бири-бирине кошуп окуу) сыяктуу ыкма тема баяндалганда, анын ачыкталышы, күнүмдүк жашоодо анчалык маани берилбеген имале жана идгам менен бириктирилет. Ушинтип бул түшүнүктөр күнүмдүк жашоодо да, кыраат терминологиясында да логикалык түшүндүрүүгө онтой түзөт.

Жогоруда айтылгандардан кийин окуучуга маалыматты кантип беребиз? Суроосу окутуучунун жолдорун пайда кылат. Бир аз мурун да

[17] А.а.ч. 14
[18] А.а.ч. а.у.
[19] А.а.ч. 13.

айтып келгендей, окутуунун жолдору, окутуу стратегиясы, окутуунун методу жана окутуунун ыкмадары менен ишке ашат. Окутуунун стратегиясы, көздөгөн максатка жетүү жана бүткүл окуу абалы көзөмөлгө алынып, методдорду аныктоого мүмкүнчүлүк берген жалпы окутуунун жолу болуп саналат. Окутуунун методу болсо, окутууда коюлган максатка жетүү үчүн ыкмадардын, өтүлө турган сабактын каражаттары жана булактары биригип толук кандуу ишке ашырыла турган окутуу жолу десек болот. Окутуунун ыкмаасы болсо, окуучуга бир нерсени үйрөтүүдө окутуу принциптерин системалаштыруудагы өзгөчө жол болуп саналат.[20] Окутуу жараянында булардын баары бирин-бири толуктап турат. Бир гана кайсынысы мурун же кийин келе тургандыгынын айырмасы бар. Окутууда биринчи негиз стратегияны аныктоо маанилүү. Тагыраак кылып айтканда алгач абал каралып, максаттар аныкталат, ийгилик бере турган жактар жана негиздер такталат. Бул даярдык мугалим же болбосо башат десек да болот. Анын артынан эле методдор ишке ашырылып, ар бир метод ылайыктуу жерде колдонулат. Метод, кыскача, максатка жетүү үчүн атайын тандалган эң кыска жана эң туура жол деген мааниге келет.[21]

Билим, жөндөм жана жүрүм-турумду окутуу жана үйрөтүүдө колдонулган ыкмадарга, жолдорго жана ыкмаларга да окутуунун методу дейбиз.[22] Мында окутуудагы эң таасирдүү жана маанилүү тепкич метод болуп саналат. Себеби окутуудагы ийгилик негизи методдун ийгиликтүү болушуна байланыштуу. Тескерисинче, окутуудагы жетишпестик (кемчилик) методдун кемчилиги десек болот. Метод, окутууда пландуу, системалуу, эң кыска жана практикалык билим берүүчү элемент. Окутууда методдун ийгиликтүү болушунда, адамдын жөндөмү жана таланты да маанилүү ролду ойнойт, алар да жалпысынан «окутуунун ыкмалары» деген өзгөчөлүккө ээ. Бул бир караганда тажрыйба дегенди да билдирет. Бир ишти чеберчилик менен аткаруу деген мааниге келген «ыкма» түшүнүгү,[23] кенири маанидеги методдун жекелик түрдөгү мааниси болуп саналат.[24] Мисалы: суроо-жооп методунда, бул методдун өзгөчөлүгү, пайдасы жана терс жактары эске алынып, таасирдүү түрдө колдоно билүү керек десек, суроо-жооп ыкмасында жасала турган кыймыл-аракеттердин (ыкма) эмнелер болушу керектиги (суроо кантип суралат, суроонун түрлөрү, суроодогу касиеттер) керектүүлүгүн аныктайт.[25]

Педагогдор, окутуудагы принцип жана методдор менен иш алып барышса да, алардын жетишсиз экендигин айтышат. Айрыкча Куран окутууда жаңы метод менен принциптердин өтө керек экендиги өтө

---

[20] А.а.ч. 14-15

[21] Saka, Şevki, Kur'an-ı Kerim Öğretiminde Metot, Din Öğretimi ve Din Hizmetleri Semineri, (8-10 Nisan, 1998), A.Ü.İ.F.T.D.V. Ank. 1991, 107; Büyükkaragöz, Savaş, Çivi Cuma, Genel Öğretim Metotları, İst. 1996, 33, Öcal, Mustafa, Din Eğitimi ve Öğretiminde Metodlar, Ank. 1990, 227, Adıgüzel, Mehmet, Kur'an Öğretim Metodları ve Öğreticilik Vasıfları, Atatürk Ü.İ.F.D, Sayı, 19- Erzurum, 2003, 195

[22] Halit, Ertuğrul, 98.

[23] Караңыз. Doğan, Mehmet, Büyük Türkçe Sözlük, Ank. 2003, 1284

[24] Krş. Binbaşıoğlu, 169-170.

[25] А.а.ч. 216-218, Ertuğrul, Halit, Öğretmenin Başarı Kılavuzu, İst., 2003, 105

маанилүү маселе болууда.[26] Демек бул жааттагы ар түрдүү өнүгүүлөр окутууга жардам берет.

Дин педагогикасы жаатында, окутуу методдорду да окутуу ыкмалары да өз ичинде түрдүүлүккө жана айырмачылыктарга ээ. Айрыкча, эки түшүнүктүн жааты ачык жана так болсо да, кээ кээде бири-бирине каршы келген жерлери да бар. Анткени экөө тең түрдүү түшүнүк болгонуна байланыштуу башкача мааниге ээ. Бул эки түшүнүктү тең өз маанилери ичинде изилдейт. Айрыкча бул түшүнүктөрдүн ичинен Куран окутуусуна ылайык жана анын толук камтыган темаларды карап көрөлү.

Себеби метод жалпы билим берүүчүлүк өзгөчөлүгүнө ээ болгондуктан, метод менен ыкмалардын баарын эле колдонууга туура келбейт.

Айрыкча, ар мугалимдин кесиптик тажрыйбасына таянган билими, тажрыйбасы жана жөндөмүнө жараша түрдүү методдорду тандашы мүмкүн. Бул ошол эле учурда, мугалимдин ыкмасы менен да байланыштуу. Убакыт, абал жана шарттар да метод тандоодо таасирдүү болушу мүмкүн. Экономикалык абал, каражаттар да методду тандоого өз таасирин тийгизет.[27]

Окутуунун метод, ыкмалары жана Куран окуусу:

1. Байкоо методу жана ыкмалары:[28] окутууда байкоо, бир окуяны жакшы түшүнүү үчүн анын өзгөчөлүктөрүн, себептерин көзөмөлгө алып, баскыч изилдөө жана байкоо. Жогоруда да айтып өткөндөй Куран окуусу бетме-бет окутулат. Куранды окуу жана жаттаганы берилген сабактарды жазышы негизинде ар сабакта окуучулардын ар биринен өз өзүнчө суралып, байкоо жүргүзүлүп, текшерилүүсү зарыл. Ар бир окуучу үчүн өзүнчө баалана турган баракчада, сөзсүз бүт Куран сабагында алардын кемчиликтери көзөмөлдөнүп жазылат. Кемчиликтер кийинки сабактарда кетирилип, окуучунун жетишкендиги же ийгиликсиздигин байкасак болот. Окутуу жана жатка айтуучу өз программасында тандалышы керек. Окуганда «хадр ыкмасы» (жай окуу), жатка айтканда болсо «тарбия ыкмасын»[29] (даана окуу) колдонуу пайдалуу. Окуучу эгер жаңы үйрөнүп баштаса башкаларынан тартынып, уяла турган болсо, аны өзүнчө жалгыз окутуп, өзүнө өзүн ишендириш керек. Окуучулардын баары бирдей даражада болгондон кийин гана тапшырмалар класста баарынан бир-

---

[26] 1984-1985 окуу жылында дипломдук иш катары изилденген макалада; бул тезге булак катары колдонулган «Динди үйрөтүүнү кантип үйрөнө алам?» деген китепте, окутууда башка жаны методдор абдан зарыл экендиги жөнүндө автор жаңы идеяларды айткан, педагогдор тарабынан да идеялар колдоого алынганы айтылат (караңыз; Bilgin Beyza, Eğitim Bilimi ve Din Eğitimi, Ank. 1998, 135-137)

[27] Ertuğrul, 98-99

[28] Binbaşıoğlu, 123

[29] Хадр ыкмасы: Куранды тажвид эрежеси менен эң тез алуу түрү. Тертил ыкмасы: Ар тамганын акысын берип мад аракетин узартып, эрежелерди бири-биринен айырмалап, шаддаларды так айтып, гуннаны да өзүндөй кылып даана даана окуу. Кеңири маалымат үчүн караңыз, İbn Gezeri, en-Neşr, Mısır, tsz. I, 205 v.d., Muhammed Mekki, Nihayetu'l-Kavli'l Mufid, Kahire, 1308, 17, Aliyyu'l-Kari, el-Minehu'l-Fikriyye, Mısır, 1335, 22, Birgivi, Dürü Yetim, İst. 1280, 14

бирден суралса болот. Аны менен бирге социал турмушта туш келе турган абалдарга даярдык көрүп, мугалимдин жетекчилигинде ишке ашырат.

2. Көргөзүп аткаруу методу жана ыкмалары:[30] окутууда көргөзүп аткаруу туура жана так үйрөнүүнүн эң оңой жолу болуп саналат. Бул метод менен туура эмес маалымат жана ката түшүнүк жокко чыгарылат. Окуучу үчүн эң сонун түшүнүү жолу. Окуучу туура көрүп, туура үйрөнөт кийин үйрөнгөнүн да туура билдирет (айтат). Куран окутуу үчүн болсо, анын мааниси өтө чоң. Мында махреч (тамгалардын чыгуу жайы) менен окутуу негизги ролдо турат. Тамгалардын тамактагы айтылуу жолун туура көрсөтүлгөндөн кийин айтылышы так ошондой чыгаруу зарыл. Айтылган бул тамгаларды, ошондой кылып окуучуга үйрөтүү абзел. Окуучу так айтканга чейин таалим кылып, үйрөнгөнүн да өзүнө сиңдиргенге чейин да улантышы керек. Бул таалимде окуучунун айталбаган же кыйналып айткандарынын кыска түшүндүрмө берип, так жана даана айтылыш жолу менен кайрадан көрсөтүп, окуучуга ушуну кайталатыш зарыл. Ушул эле нерсе тажвид үчүн да маанилүү. Тажвид сабагында темалар теориялык түрдө берилгенден кийин, практика жүзүндө мугалим аларды көрсөтүп берип, окуучулардан талап кылышы жөндүү. Кийин болсо мугалим сабакта, кыска сүрөлөрдөн тартып чогуу окутуп бул методду колдонсо болот. Мында сүрөлөрдү биринчи өзү окуп, артынан эле окуучуларды чогуу кайталатат. Бул мезгилде мугалим таалим (окутуу)га ылайык келген жаңсоо (кол) жана кыймыл-аракети менен[31] окуучулардын туура окуусуна жол ачуусу керек.

3. Түшүндүрүү (тахрир) методу жана ыкмалары:[32] теманы өз өз орду менен системалуу түрдө башынан аягына чейин түшүндүрүү методу болуп саналат. Окутуудагы эң эски жана көп колдонулган метод болуп эсептелет. Бул метод мугалимдин түшүндүрүүсү жана окуучунун түшүндүрүүсү деп экиге бөлүнөт.[33] Окутууда эки жолдон да пайдалансак болот. Куран окутууда болсо бул методду көбүнчө тажвиддин темаларын теориялык жактан түшүндүргөндө колдонушат. Мугалим биринчи ордуна жараша тажвид темаларын жайгаштырганда, ар бир теманы, алар түшүнө турган эң так жана жөнөкөй жол менен түшүндүрүү керек. Темада көптөгөн мисалдарды колдонуу, теманы оңой түшүндүрүүгө жардам берет. түшүндүрүү методу зеригичтүү болбошу үчүн Куранга байланыштуу көргөзмө куралдардан, компьютерден пайдаланса болот. Түшүндүрүү

---

[30] Aydın, Zeki, 194

[31] Тобу менен окуу илгертен бери Куран окуусунда билим берүү максатында аткарылган эң маанилүү Куран окутуу усулу болуп саналат. Хор түрүндө тобу менен аткарылган мындай усул аркылуу мугалим бир дирижер сыяктуу аракеттери менен хор группасын башкарат. Узатылуусу тийиш болгон жайларда узатып окуу ышаараттарын (аракеттерин) идгам жана ихфа сыяктуу гунналардын (үндүн мурун менен айтылышы) толугу менен аткарылуусу милдеттүү болгон жерлерде басым жасалып окулуучу ышаараттарды колдонуу менен окуучуларга практика жүзүндө жакшы жана туура окуу шыгын арттырууга аракет кылат.

[32] Binbaşıoğlu, 41, Küçükahmet, Leyla, Öğretim İlke ve Yöntemleri, Ank. 1995, 39, Öcal, 240, Bilgin, Beyza, Selçuk, Mualla, Din Öğretimi Özel Öğretim Yöntemleri, Ank. 1997, 120, Aydın, Zeki, 85, Adıgüzel, 201.

[33] Караңыз. Bayraktar, Faruk, Eğitim Kurumu Olarak Kur'an Kursları Üzerine Bir Araştırma, İst. 1992, 86, 87.

кийинчерээк окуучулардын өзүнө кайра түшүндүрүлөт. Окуучунун түшүндүргөнүнөн анын теманы канчалык түшүнүп түшүнө албаганын көрүүгө шарт түзөт. Тажвид темалары баары бирдей эмес, кээси татаал, кээси оңой. Тажвиддеги кээ бир темалар өтө оор болгондуктан, бир нече жолу айтып түшүндүрүп, аларга да түшүндүрүш керек. Кийинчерээк, Куранда аткарыла баштаганда, темалардын баарына убагы келгенде кыска ачыкталуу менен басым зарыл, бул окуучунун кесиптик өнүгүшүнө да жол ачат.

4. Суроо-жооп методу жана ыкмалары:[34] эски аты жооп алуу максатында суроо сураган бул метод окуучуга кээ бир суроолорду берип, аларга сын жооптор айтылат, ушул суроону да эркин же болбосо мухавара сүйлөшүү учурунда диалог түрүндө берсек болот.[35] Бул метод, сынга алынса да[36] окуучуну ойлонуута, жаңы пикирлер ойлоп чыгарууга жол ачкан жаңы метод менен өтө маанилүү.[37] Куран окуусунда окуучу, бир нерсени эмне үчүн, кантип кыла турганын түшүнүшү керек. Бул иште да мугалим окуучудан суроо сурап, багыт берип турат. Мисалы: мугалим, ыдгам, ыклаб (бир тамганы башка бир тамгага айлантып окуу), ихфаны (үнду мурунда жашырып окуу) түшүндүргөндөн кийин, алардын ортосундагы айырмачылыктарды, алардын айтылышындагы өзгөчөлүктөрдүн (Мисалы: Египетте ыклаб мурун ихфасы менен айтылса, Стамбул жаатында ооз ихфасы түрүндө айтылышында) эмнеде экендиги сыяктуу суроолор менен окуучунун көрөңгөсүн кеңейтип, анын жаңы пикирлер ойлоосуна түрткү берет. Мугалим бул методду колдонгондо мындай суроолорго бере турган жооптору ой-пикирди бир жерге жамдоодо жардам берет. Эптеп-септеп жооп берүүнү алдын алат. Антпесе бул метод пайдадан да зыяны көп болушу мүмкүн, үйрөтүүчү болуудан да копол тийген көңүл ооруткан жолго түшүшү мүмкүн.

5. Талаш-тартыш методу жана ыкмалары:[38] бул теманы жок дегенде эки киши карама-каршы түрдө сүйлөшүп, угуп же болбосо сынга алып тартышуу методу деп аталат. Куран окуусунда бул метод, окуучулардын кандайдыр бир теманы же маселени мугалим менен бирге баалоодо, же эки окуучу ортосундагы теманы талкулоодо ишке ашырылат. Талкуу убагында тема жөнүндөгү пайдалуу жана зыяндуу жактар да айтылат. Мында көңүл бура турган эң маанилүү жер: талкуу болгон тема жөнүндө мугалим толук билимдүү болуп, талкууланган тема жөнүндө окуучуда түшүнбөй калган же жоопсуз калган жери болбоосу зарыл, талкууланган тема сөзсүз жыйынтыкталышы зарыл. Бул метод окуучунун көрөңгөсүн кенейтип, окутуучу процессти активдүү (жандуу) түрдө жүргүзөт. Сөз болуп жаткан методду колдонгон мугалим өзүнө да, окуучуларга да зээн гимнастикасын

[34] Binbaşıoğlu, 41, Küçükahmet, 42, Ertuğrul, 101
[35] Öcal, 250-251
[36]Карачыз. Binbaşıoğlu, 141
[37] Leif, J. Rustin, Genel Psikoloji, çev. N. Yüzbaşıoğlu, İstanbul, 1980, 235; Bayraktar, 87.
[38] Binbaşıoğlu, 143, Aydın, Zeki, 112

кылдырып, ой жүгүртүүлөрүн кеңейтет. Окуучулардын көбү сабакка катышуу мүмкүнчүлүгү болуп, алар сабакка даяр келишет.[39]

6. Чогуу иштөө методу жана ыкмалары:[40] бир нече окуучунун бирге чогулуп группа түрүндө иштөөсүнө чогуу иштөө методу дейбиз. Бирдей даражада жетишкен же түрдүү деңгээлдеги окуучулардан турган топтордун бул методдо анчалык ийгиликтүү болбошу, бирдей деңгээлдеги топтордун болсо көздөгөн ийгиликке оңой эле жетүүсү айтылат.[41] Бирок бул пикир, топтордун ортосундагы тең салмактуулукту курууда, жакшы билген окуучулар менен начарларынын бири-бирине билим таасирин тийгизүүдө, класстан жалпы ийгиликти жаратууда анчалык мааниге ээ эмес. Куран окуусунда топтордун эмгеги, алдыда болгон жана начар окуучуларга жардам берүүдө өтө чоң роль ойнойт. Түрдүү деңгээлдеги окуучулардан начар абалда болгондору, ошол эле топтогу эң алдыңкы, өрнөк окуучу менен жүздөшүп, аларды дагы да кызыктуу, толкунданган үйрөнүү сезимине түрткү берет. Антпесе, жогорку деңгээлдеги окуучулардын тобу өзүнчө, начар окуулар өздөрүнчө болуп өтө кескин айрыма пайда болот, бул Куран окуусуна ылайык келбейт. Ошондуктан Куран мугалими, деңгээлдерди аныктагандан кийин, окуучуларды үчтүк жана төрттүк топторго бөлүп, эң алдыңкы деңгээлдеги окуучуларды, орто жана начарлардын

7. Өз алдынча иштөө жана ыкмалары:[42] окутууда негиз боло турган методдордун бири катары билинген өз алдынча иштөө методу, окуучунун окууну өз алдынча жүргүзүүсү болуп саналат. Окуучу инсандык ийгиликти жана өзүнө ишенимин күчөтүү максатында мугалим тарабынан багыт берилип бул метод менен иштейт. Бул метод Куран окуусунда жеке ийгиликти жаратууда өтө маанилүү тагыраак кылып айтканда, жеке ийгиликти жаратуудагы эң негизги башталгыч метод болгонуна байланыштуу, калган методдордун баары, жеке ийгиликти пайда кылуудагы жардамчы методдор десе болот. Башка методдор болбосо да окууда бир ийгилик болушу мүмкүн, бирок өз алдынча иштөө болмоюнча ийгилик болбойт. Ошондуктан мугалим, бул методду ийгиликтүү жүргүзүшү үчүн окуучуну кээ кээде буга багыттап турат. Окуучулардын ар бирине берилген бетинен окутуу же жатка айттыруу тапшырманын ушул метод менен ишке ашат. Бул метод көбүнчө үй тапшырмасында колдонулат. Мугалим тарабынан берилген үй тапшырмалары ар сабакта көзөмөлгө алынып, иштөө (тапшырма аткаруусу) абалы текшерилип туруусу абзел. Окуучудан бул методду каерде, кантип, кандайча аткарганы суралат. Бул метод иштеген адам үчүн шарттар ыңгайлуу болуусу абзел. Тынчтык болгон жердеги жана көп кайталанып жасалган эмгек сөзсүз ийгиликтүү болот. Өз алдынча иштөөдө бир гана окуучунун окуп же жазуусу дегендикке жатпайт. Үндүү (үнгө тфянган) жана көрүнүштүү технологиялык каражаттар да бул методдо колдонулса болот. Өз алдынча иштөө көбүнчө жалгыз ишке

---

[39] Bayraktar, 197, Adıgüzel, 200-201
[40] Binbaşıoğlu, 161, Öcal, 261, Aydın, Zeki, 137, Bilgin, Selçuk, 137
[41] Караңыз. Binbaşıoğlu, 162
[42] Binbaşıoğlu, 160

ашырылгандыктан, теманын үстүндө өтө катуу иштейт. Ошондуктан бул метод, жогорудагыдай каражаттарды колдонууга өтө ыңгайлуу.

8. Акырындык менен үйрөтүү методу жана ыкмалары:[43] билимдин оңойдон кыйынга, аздан көпкө, конкреттүүдөн абстрактуулга карай акырындык менен, аз-аздан үйрөтүлүшү. Бул метод, берилген билимди чындоодо, түшүнүүнү оңой кылууга, билимдин анализ кылынуусуна чоң таасирин тийгизет. Ошондуктан педагогикада өзгөчө мааниге ээ. Аз. Пайгамбар тарабынан колдонулган, кийинки мезгилде да ошондой абалда колдонулуп келген бул метод, азыркыга чейин өз маанисин жоготкон жок. Аз. Пайгамбар үйрөтүү ишинде жакынындагыларга Куранды алгач 10 аят,[44] сахабадан кээ бирлерине болсо беш аят[45] үйрөтүү жолу менен даража даража негиз катары колдогону жөнүндө риваят бар. Даража-даража усулу бир жагынан адамдын жөндөмүнө жараша иштөө методу болуп саналат. Аз. Пайгамбардын « Адамдардын акылы жете тургандай деңгээлде айтыңыз»[46] хадисиндеги « акылы жетээрлик деңгээл» дегени да бир жагынан, адамдын акыл-эс даражасына ылайык аста-секин үйрөтүү керектигине басым кылган. Куран окуусу даража-даража усулу (тедрижилик) менен башталып, ошондой уланат. Ошондуктан, алгач Курандын аягында үйрөнө баштагандан тартып, кийин болгондорго акырындык менен өтөт. Окутууда да ушул оңой жол менен сүрөлөр жаттатылат. Ушул жол менен оңойдон кыймылга, кыскадан узунга, аздан көпкө карай багыт алынат. Бул метод убакытты көп талап кылыш мүмкүн. Себеби бул метод менен окутуу бир аз кыйын болот. Бирок толук кандуу жана туруктуу окутуу жүргүзүлөт. Бул методдо эң маани бере турган жери төмөнкүдөй: алдыга жылуу болгон сайын эски сабактар да кайталанып бири-бирине байланыштырып жүргүзүү зарыл. Айрыкча бул жаттоо убагында чоң мааниге ээ. Антпесе, алдыга жылыш болгон сайын бир жактан унутула берсе, артка кайтуу же окутууда башына кайрылуу болуп калат.

9. Көнүгүү методу жана ыкмалары:[47] окууда жана окутууда көнүгүү негизги ролду ойнойт. Теманын түшүнүктүү болушу жана унутпоо үчүн дайыма көнүгүүлөр менен билимди жаңылап, чындоо ушул жол менен болот. Биринчи жолу түшүндүрүлгөн тема тез эле эсте калбайт. Бир нече жолу ошол темадагы көнүгүүлөр, ар жолкусунда түшүнгөн жана маанилүү калган жактарын, түшүнүктүү кылып, билген жана түшүнгөн темаларды унутпоого жардам берет. Бул метод, бир теманын маңызын түшүнгөнгө да, жаттоодо да даража даража усулу менен бирге жүргүзүлгөн өзгөчөлүккө ээ.

Куран окуусунда негизги темалар, сөздөрдү жана тамгаларды туура айтуудан (махарижул-хуруф) турат. Бир жактан тамгалардын чыгышы, ооз түзүлүшүнө ылайык келгенге чейин окутулуп, бир жактан да махарижул

---

[43] Bayraktar, 64. Aydın, M. Şevki, İbn Cem'a'ya Göre Öğretmenin Görev ve Nitelikleri, E.Ü.İ.F. Dergisi, sayı: 8, 1992, 220, Adıgüzel, 198

[44] Караңыз. Süyuti, el-İtkan fi Ulumi'l-Kur'an, Beyrut, 1973, II, 76

[45] Adıgüzel, 198

[46] Buhari, İlim, 49, Müslim, Mukaddime, 3

[47] Aydın, Şevki, 220, Bayraktar, 64, Karaçam, 122, Adıgüzel, 199

хуруфту иш жүзүндө окутуп же жатка айттырып үч методдо тең көнүгүү методу колдонулат. Башталышында, тамгалардын чыга турган жерлери өз-өзүнчө же болбосо хор түрүндө көнүгүүлөр менен үйрөтүлөт. Бул тамгалардын айтылыштары, айырмаланбастан дайыма бирдей деңгээлде болуусу шарт. Бул болсо узун мезгил көнүгүүнү талап кылат. Бир аятты жаттоо же карылык (хафыз) ушул метод менен болот. Аяттарды жаттап жатканда же болбосо жаттаган жерлерди унутпоо үчүн, бир жерди, же кайта-кайта окуп, же бирөөдөн кайта-кайта угуу жолу менен бул методдон пайдаланышат. Тагыраак айтканда, бул метод, окууда же угууда активдүү роль ойнойт. Айрыкча көрлөр үчүн бул метод жалгыз гана жол болуп эсептелет. Жашообузда жолуктурган көзү азиздердин колдонгон методу, угуу жолу менен көнүгүүдөн башка нерсе эмес. Көнүгүү методунда ийгиликтүү болуу үчүн негизги шарт, мугалимдин окуучуну ошол сабакка багыттоосу болуп саналат. Билинбестен жана түшүнбөстөн жүргүзүлгөн көнүгүү методу убакытты каратуудан башка ишке жарабайт.

Жыйынтык: Куран окутуу иши маанилүү жана олуттуу түрдө иштеле турган жаат болуп саналат. Коомдун диний абалына да бул түздөн-түз салымын кошуп турмакчы. Мына ошондуктан, аны окутууда туш келген ыкма менен эмес методикалык ыкма менен системалаштырылуусу тийиш. Кыска убакытта туура жыйынтык алуу үчүн сөзсүз мындагы тажрыйбаларды пайдалануу зарыл. Ушул убакка чейин айтылган принцип бул метод же ыкмалар менен окутуу чектелбөөсү керек. Аларга, заманга ылайык жаңы нерселерди кошуп дагы да өнүмдүү (ийгиликтүү) жыйынтык алсак болот. Айрыкча бул окутуу жараяны ага ыңгайлуу. Педагог (мугалим) классикалык ыкма менен жаңыларды бири-бирине ылайыкташтырып ушул жол менен заманга ылайык, өнүккөн окутуу системасын түзүүгө аракет кылуусу керек.